ЖК7 - жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

ЖК8 - чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.

ЖК9 - татаал жана экстремалдык шарттарда психологиялык туруктуулукту көрсөтүүгө, кесиптик ишмердиктин жүрүшүндө чыр-чатактарды болтурбоо жана чечүү;

ЖК10- коррупциялык иш аракеттерге каршылык көрсөтүү.

б) кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик:

- ыкчам-кызматтык ишмердүүлүктө:

КК1 - укук субъектилери менен мыйзамдарды сактоону камсыз кылуу;

КК2 - мыйзамдуулукту жана укук тартибин, инсандын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун, коомдук тартипти коргоону камсыз кылуу;

КК3 - окутуу профилдик даярдоого ылайык ыкчам-кызматтык иштерди ишке ашыруу;

КК4 - профилдик даярдоого ылайык кылмыштарды жана башка укук бузууларды ачууну, бетин ачууну жана тергөөнү камсыз кылуу;

КК5 - ыкчам кызматтык ишмердүүлүгүнүн ишин криминалистикалык техниканын жана атайын техника менен камсыздоону жүзөгө ашыруу;

КК6 - кылмыштуулуктун мыйзамдары, кылмыштуу жүрүм-турум жана аларды болтурбоо ыкмалары жөнүндө билимди колдонуунун негизинде кылмыштардын жана башка укук бузуулардын алдын алууну жүргүзүүгө, укук бузууларды жасоого шарт түзгөн себептерди жана шарттарды аныктоого жана жоюуну ишке ашуруу;

КК7 - укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коомдун өкүлдөрү, жарандар менен биргеликте өздөрүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашыруу.

- уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүгүндө:

КК8 - күнүмдүк кызматтык иштин шарттарында да, стандарттуу эмес шарттарда да, экстремалдык кырдаалдарда да чакан топтордун ичинде уюштуруучулук-башкаруучу функцияларды ишке ашыруу.

-укук колдонуу ишмердүүлүгүндө:

КК9 - өнүккөн укуктук аң-сезиминин, укуктук маданиятынын негизинде кесиптик милдеттерин ишке ашыруу;

КК10 - ченемдик укуктук актыларды колдонууга, кесиптик ишмердүүлүктө материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин ишке ашыруу;

КК11 - мыйзамдарга так ылайык чечимдерди жана юридикалык аракеттерди кабыл алуу;

КК12 - юридикалык документтерди даярдоодо көндүмдөрдү билүү.

30. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик программасына төмөнкүдөй блоктор жана окуу циклдери кирет:

1-блок "Дисциплиналар (модулдар)":

**Орто кесиптик билим берүүнүн болжолдуу окуу планы**
**030505 – «Укук коргоо иши» адистиги**
**Квалификациясы: юрист**
**Окутуунун ченемдик мөөнөтү: 1 жыл 10 ай**

| № | Окуу дисциплиналарынын аталышы (анын ичинде практикалар) | Жалпы эмгек сыйымдуулугу | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кредиттер | сааттар | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 12-18 | 12-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | x | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | x | | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | x | | | |
| | Манастаануу | 2 | 60 | | x | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | | | |
| | **Вариативдүү бөлүгү** | **3** | **90** | | | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **18** | **540** | | | | |
| **2.** | **Математикалык жана табигый илимдер цикли** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | x | | |
| | **Вариативдүү бөлүгү** | **2** | **60** | | | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **6** | **180** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **60** | **1800** | | | | |
| | Мамлекет жана укук теориясы | 7 | 210 | x | x | | |
| | Конституциялык укук | 6 | 180 | x | x | | |
| | Кыргызстандын мамлекет жана укук тарыхы | 4 | 120 | x | | | |
| | Чет мамлекеттердин мамлекет жана укук тарыхы | 6 | 180 | x | x | | |
| | Жарандык укук | 7 | 210 | | | x | |
| | Жарандык-процесстик укук | 4 | 120 | | | x | |
| | Жазык укугу | 6 | 180 | | x | x | |
| | Жазык-процесстик укук | 5 | 150 | | | x | |
| | Администрациялык-процедуралык укук | 6 | 180 | | x | x | |
| | Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары | 4 | 120 | | | x | |
| | Укук коргоо органдарынын администрациялык иши | 4 | 120 | | | x | |
| | Укук коргоо органдарынын ыкчам-издөө иши | 4 | 120 | | | x | |
| | **Вариативдүү бөлүгү** | **15** | **450** | | | | x |
| | **БАРДЫГЫ:** | **75** | **2250** | | | | |
| **4.** | **Дене тарбия** | | **Жума сына** | x | x | x | |

